**2013-жылдын 27-апрелиндеги № 63 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2013-жылга бюджети жана 2014-2015-жылдарга божомолу жөнүндө

2013-жылдын 14-мартында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2013-жылга бюджети кирешелер боюнча 35632015,5 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча 35871140,2 миң сом суммасында жана чектик дефицитте 239124,7 миң сом суммасында 1-тиркемеге ылайык бекитилсин, анын ичинде:

Пенсиялык фондунуку – жыл башына карата калдыкты эске алуу менен 2013-жылга кирешелер боюнча 32814278,2 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча – 33053402,9 миң сом суммасында, чектик дефицитте 239124,7 миң сом суммасында;

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунуку – 2013-жылга кирешелер боюнча 1562311,6 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча – 1562311,6 миң сом суммасында;

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунуку – 2013-жылга кирешелер боюнча 190665,1 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча – 190665,1 миң сом суммасында;

Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондунуку – 2013-жылга кирешелер боюнча 1064760,6 миң сом суммасында жана чыгашалар боюнча – 1064760,6 миң сом суммасында.

**2-берене.** Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2014-2015-жылдарга бюджетинин негизги параметрлеринин божомолу 1-тиркемеге ылайык жактырылсын:

кирешелер боюнча 2014-жылга божомол – 40694645,8 миң сом, 2015-жылга – 45142881,4 миң сом, чыгашалар боюнча 2014-жылга божомол – 39740797,8 миң сом, 2015-жылга – 46314558,0 миң сом, анын ичинде:

Пенсиялык фондунуку – кирешелер боюнча 2014-жылга божомол – 37529268,9 миң сом, 2015-жылга – 41588920,4 миң сом жана чыгашалар боюнча 2014-жылга божомол – 36575420,9 миң сом, 2015-жылга – 42760597,0 миң сом;

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунуку – кирешелер боюнча 2014-жылга божомол – 1753240,0 миң сом, 2015-жылга – 1950900,0 миң сом жана чыгашалар боюнча 2014-жылга божомол – 1753240,0 миң сом, 2015-жылга – 1950900,0 миң сом;

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунуку – кирешелер боюнча 2014-жылга божомол – 214210,0 миң сом, 2015-жылга – 238460,0 миң сом жана чыгашалар боюнча 2014-жылга божомол – 214210,0 миң сом, 2015-жылга - 238460,0 миң сом;

Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондунуку – 2014-жылга кирешелер боюнча божомол – 1197926,9 миң сом, 2015-жылга – 1364601,0 миң сом жана чыгашалар боюнча 2014-жылга божомол – 1197926,9 миң сом, 2015-жылга – 1364601,0 миң сом;

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Пенсиялык фонддун бюджетинин профицитинин 2014-жылга божомолу – 953848,0 миң сом, дефицитинин 2015-жылга божомолу – 1171676,6 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2014-2015-жылдарга жактырылган бюджетинин божомол параметрлери ар бир конкреттүү мезгилге кабыл алууда такталат.

**3-берене.** 2013-жылга киреше бөлүгүнүн түзүлүшү жана фонддор боюнча чыгымдарды төмөнкүдөй каржылоо бекитилсин:

Пенсиялык фондунуку – 2-тиркемеге ылайык;

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунуку – 3-тиркемеге ылайык;

Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунуку – 4-тиркемеге ылайык;

Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондунуку – 5-тиркемеге ылайык.

**4-берене.** 2013-жылы пенсиянын базалык бөлүгүн төлөп берүүгө каражаттардын жылдык керектөөсүнүн 80 пайызы, 2014-жылы – 100 пайызы республикалык бюджеттин эсебинен каржыланаары белгиленсин.

**5-берене.** Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун республикалык бюджеттен 2013-жылга – 12902290,0 миң сом суммасында, 2014-жылга божомол – 16318899,5 миң сом суммасында, 2015-жылга – 18035666,6 миң сом суммасында каржылоо бекитилсин, анын ичинде:

пенсиянын базалык бөлүгүнө 2013-жылга – 7201993,7 миң сом, 2014-жылга божомол – 9826173,0 миң сом, 2015-жылга – 11236157,3 миң сом;

пенсионерлерге электр энергиясы үчүн компенсациялык төлөмдөргө 2013-жылга – 1779171,6 миң сом, 2014-жылга божомол – 1781311,1 миң сом, 2015-жылга – 1806971,2 миң сом;

«Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы боюнча дайындалган пенсияларга 2013-жылга – 1150000,0 миң сом, 2014-жылга божомол – 1137400,0 миң сом, 2015-жылга – 1176100,0 миң сом;

аскер кызматчыларын камсыздандыруу учуру боюнча бир жолку жөлөкпулга 2013-жылга – 15000,0 миң сом, 2014-жылга божомол – 15000,0 миң сом, 2015-жылга – 15000,0 миң сом;

пенсияларга (көп балалуу энелерге жана бала кезинен майып балдардын энелерине, бийик тоолуу шарттарда иштегендиги үчүн, алыскы жана барууга кыйын райондордо жашагандарга, «Кыргызстан аба жолдору» улуттук авиаташуучу» ААКтын учуу жана учуу-сынак курамынын кызматкерлерине, № 2 Тизме боюнча жана «PESAC» программасына кирген ишканаларда, текстилдик өндүрүш ишканаларында иштегендерге), пенсияларга кошумча төлөөлөргө (майыптардын, Улуу Ата Мекендик жана башка согуштун катышуучуларынын, «Баатыр-эне» же «Мать-героиня» ордендери менен сыйлангандардын, Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңиргендердин), компенсацияларды төлөөлөргө (Чернобыль атомдук электр станциясы жана башка жарандык же согуштук дайындалыштагы атомдук объектилердеги кыйроонун кесепетин жоюунун катышуучуларына, «PESAC» программасына кирген ишканаларда эмгектик мертинүү же кесиптик оору боюнча багуучусунан айрылгандарга, иш берүүчүнүн кайра уюшулушуна же жоюлушуна байланыштуу келтирилген зыяндын ордун толтуруу) 2013-жылга – 2756124,7 миң сом, 2014-жылга божомол – 3559015,4 миң сом, 2015-жылга – 3801438,1 миң сом.

**6-берене.** Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондунун каражаттары «Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык инвестициялоого жумшалаары белгиленсин.

**7-берене**. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2013-жылга бюджетинин жана 2014-2015-жылдарга божомолунун чыгашаларын каржылоо камсыздандыруу төгүмдөрүнүн, республикалык бюджеттен ассигнованиянын жана башка кирешелердин эсебинен иш жүзүндө алынган кирешелердин чегинде жүргүзүлөрү белгиленсин.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду чогултулган каражаттардын тиешелүү камсыздандыруу фонддоруна өз убагында которулушу үчүн жоопкерчилик тартаары белгиленсин.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун административлык чыгашалары келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнүн 3 пайызынан ашпаган өлчөмүндө түзүлөөрү жана чыгымдалаары белгиленсин.

**8-берене.** Республикалык бюджеттин каражаттары Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин дефицитин жабуу булагы болуп саналаары белгиленсин.

**9-берене.** 1-январдан 31-декабрды кошо алгандагы убакыт аралыгы бюджеттик жыл деп саналаары белгиленсин. Эсептөө мезгили каржылык жылды жана ал аяктагандан кийинки бир айдан ашпаган мезгилди камтыйт, анын ичинде пенсиялык милдеттенмелерди кошпогондо, отчеттук жыл үчүн бюджетти аткаруунун алкагында кабыл алынган милдеттенмелер боюнча операциялар аякталат. Бюджет боюнча операцияларды аяктоонун конкреттүү мөөнөтү жыл сайын Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун башкармасы тарабынан аныкталат.

**10-берене.** Ушул Мыйзам 2013-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Ушул Мыйзам расмий жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**